# Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген архитектору, саясий ишмер Ишенбай Кадырбековго 75 жашта



Ишенбай Кадырбеков 1949-жылы 16-июлда Нарын шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Көптөн күткөн Ишенбай бул дүйнөгө келгенде атасы чексиз кубанычта болду. Атасы Дүйшөнбү колунан баары келген, кен пейил, адамга жакшылыгын аябаган, жөнөкөй адам болгон. Жыйырма беш жыл ДОСААФтын жана спорт мекемелеринин жетекчиси болуп иштеген. Энеси Осмонова Сабира 1928-жылы жарык дүйнөгө келген. Ат-Башы районунун Өзгөрүш айылында туулган. Орто билимге ээ болуп, Нарын шаарындагы педогогикалык окуу жайында кассир болуп иштечү.

Ишенбай көпкө күттүрүп, анан төрөлгөн бала болду. Көпкө күттүргөнүнүн себеби, буга чейин Сабира апа эки кыз төрөрөп, экөөнү тен наристе кезинде колдон учуруп жиберишкен. Ата-эне үчүн эки наристенин чарчап калышы чон күйүт болгон. Ушундан уламбы төрөлөр бала ким болсо да аман-эсен төрөлсүн деп купуя тилектерди тилешкен.

Дүйшөмбү ата уулу жарык дүйнөгө келгенде баласынан бир минута да ажыраган эмес. Ал баласынын бүт түйшүгүн өз мойнуна алгандыктан уулу элден бөтөн өстү. Беш жашка чыкканча Дүйшөнбү баласын өзү бакты. Энеси эмчектен чыгаргандан баштап, атасы Дүйшөнбү кайда барса да уулун ала жүрчү. Атүгүл жумушуна да ала кетээр эле. Кабинетинин жанына атайын бөлмө даярдатып, уулун ошол бөлмөдө карачу. Ал үчүн көз салып караганга да атайын бала баккыч жалдап алган. Ишенбайдын апасы 13 бала төрөгөн. Алардан 4 уул, 3 кыз калган. Жетинчи класстан эле Ишенбай жайкы каникул убагында иштеп каражат таба баштады. Агасы Аманкул менен ПМКда иштеп кыш кынаноону өздөштүрүп алды. Нарын шаарындагы В.П.Чкалов атындагы орто мектепти аяктаган.

Мектепти аяктагандан кийин самаганы чон окуу жайы болуп, 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик И. Раззакова атындагы технологиялык университетин бүтүргөн, архитектура адистиги боюнча.

1971-жылы Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. Архитектура илимдеринин кандидаты (1996), юридика илимдеринин магистри.

1971-1979-жылдары - Фрунзе политехникалык институтунун архитектура факультетинин мугалими, деканы, ФПИнин өнөр жай жана жарандык имараттардын жана курулмалардын архитектура кафедрасынын башчысы.

1979-1984-жылдары - «Кыргызгипрострой» институтунун калктуу пункттарды пландаштыруу бөлүмүнүн башчысы.

1984-1987-жылдары - «Фрунзегорпроект» институтунун директору.

1987-1990-жылдары - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик курулуш комитетинин бөлүм башчысы, шаар куруу боюнча Борбордук илимий изилдөө долбоорлоо институтунун филиалынын директору.
1990-жылдан Кыргызстандын Мамлекеттик курулуш комитетинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын курулуш жана архитектура министри.

Кыргызстан Жогорку Советинин депутаты.




1995-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки чакырылышынын депутаты. 40тан ашык мыйзам долбоорлорунун автору жана авторлоштору.

2000-2005-жылдары - №21 Ат-Башы шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты, Курулуш, жер казынасы, транспорт жана коммуникациялар боюнча комитетинин төрагасы. Алгач «Элкомсоц» фракциясынын депутаты болгон. Андан кийин - «Кыргызстан» депутаттык тобунун жетекчиси (9 депутат).
2000-жылы президенттикке талапкерлигин каттоого аракет кылып, бирок кыргыз тилин эркин билүү үчүн талап кылынган сынакты тапшыра алган эмес (2000-жылдын августу).

2005-жылдын 24-мартында Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын Төрагасы (төрагасы) шайланган.

Ошол эле учурда, 2005-жылдын 24-25-мартында - Кыргызстандын президентинин жана премьер-министринин милдетин аткаруучу.

2005-жылдын 26-октябрынан 2008-жылдын 11-январына чейин - Республиканын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин төрагасы.

2008-жылдын 25-апрелинде Кыргызстандын Каржы полициясынын басма сөз кызматы анын «Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттигинин кызмат адамдарынын кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануусу» боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында камакка алынганын жарыялаган. 2009-жылдын 13-апрелинде баш коргоо чарасы үй камагына алмаштырылган.

2011-жылдын 24-июнунан бери - «Ата-Журт» партиясынан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү.

Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген архитектору, Кыргызстан архитекторлор союзунун мүчөсү.



Аскердик кызматка милдеттүү адам. Запастагы подполковник.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Светлана Тыныбекова (1954-ж. т.) кесиби боюнча физик, “Кут жол” автотранспорт ишканасынын башкы директору. Кыздары Мээрим, Айжамал. Уулу Медер.

Ишенбай Кадырбеков Кыргызстан Эгемен демократиялык мамлекет болуп түзүлүп, бутуна туруп жаткан эн кызыктуу мезгилде иштеп, саясатчы катары калыптанышы, Республиканын азыркы турмушун, өлкөнүн келечегин калыптандырган тарыхый бурулуштарда И. Кадырбековдун да өзүнө таандык үнү угулуп турат. И. Кадырбеков ар тараптуу инсан жана ак ниет саясатчы катары элдин эсинде турат.

**Маалыматты даярдаган** А.Акматова
**Колдонулган адабияттар**: Г.Ибраева “Бешенедеги белги”, мезгилдүү басылмалар